УДК 94: 947.1/575.2/0.84.2

Алымбеков К.А.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

УРКУЯ САЛИЕВА: ЖАҢЫЛАНГАН АЙРЫМ МААЛЫМАТТАР

Кыргыз эли байыртадан келе жаткан тарыхында энелерди өзгөчө орунга коюп, сыйлап келген. Кыргыз элинин келип чыгышын, сакталышын аялзатына байланыштырышкан. Алып айтсак, Умай энеге сыйынып, Жер энени сыйлап, өз эне тилинде сүйлөп, Көл өрөөнүнүн эли Бугу энеден тараганбыз деп айтып жүрөбүз.

Совет дооруна чейин да кыргыз аялзаты башка мусулман элдердин аялдарына караганда алда канча эркин болушуп, эркектер менен бирге эли-жерин коргоп, эл үчүн кызмат кылып, эл башкарып, коомдун өнүгүшүнө салым кошуп келишкен. Мисал келтирсек, Кыз Сайкал, Каныкей, Жаңыл Мырза, Курманжан датка.

Совет доорундагы кыргыз аялдарынан сөз кылганда, бизди ушул мамлекеттүүлүккө алып келген Кеңеш өкмөтүнүн бийлигин чыңдоо, бытыранды чарбаны бириктирүү үчүн бүт өмүрүн, жалындуу жаштыгын арнаган асыл аялдардын бири, өткөн жылы жүз жылдыгы белгиленген Уркуя Салиеванын өмүр баяны жана андагы айрым бир так эмес калпыстыктар жөнүндө кеп кылмакчыбыз.

У.Салиева 1907-ж. Кызыл-Кыя шаарынын жанындагы Тактек айлында туулган. Атасы Жумагул жалчы, энеси Бүбүкан кедейдин кызы болгон. Уркуя - ата-энесинин жалгыз кызы. Балким, ушул абал да анын мүнөзүнүн калыптанышына чоң роль ойногондур. Ал башка кедей-кембагалдардын балдарындай коркуп, корунбай, тайманбас, өз оюн ачык айткан, адилет, калыс, таамай сүйлөгөн, уюштургуч, баатыр жүрөк кыз катары калыптанган. Азыркы тил менен айтканда, бардык лидерлик сапаттарга ээ болгон.

Уркуя эски салтты четке кагып, өзү сүйгөн Колдош Салиевге турмушка чыгат. Колдош ал кезде кедейлер комитетинин мүчөсү, Кеңеш өкмөтүнүн ишине активдүү катышкан айыл азаматтарынын бири эле. Уркуя күйөөсү Колдош менен бирге бай-манаптарга, кожо-молдолорго, колхоз курулушунун кас душмандарына тайманбастан каршы чыгып, кедей-кембагалдарды, аялдарды колхоз курулушун чыңдоого, окуп билим алууга үндөйт.

Айылдаштарынын урмат-сыйына ээ Уркуя 1928-ж. октябрда колхозчулардын жалпы жыйынында Меркит айылдык кеңешинин төрайымдыгына бир добуштан шайланат. Айылдык кеңештин мурдагы төрагасы Арун уулу Эшмат (кийин Уркуяны өлтүрүүгө катышкан) көпчүлүк тарабынан айыбы ашкереленип, кызматтан айдалат, кулакка тартылат да, көп узабай камакка алынат. Өзүнүн уюштуруучулук иштеринде ийгилике жетишкен Уркуяны айылдаштары Кыргызстан Кеңештеринин курултайына делегат кылып жиберишет. Курултайда ал Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү болуп шайланат.

1932-ж. жазында биринчи жолу Ноокат районунда «Кызыл Аскер» колхозу уюштурулуп, Уркуя Салиева башкармалыка шайланган.

1933-ж. июнда Уркуя Кыргызстандын алдыңкы колхозчуларынын революциячыл кыраакылыкты жогорулатып, колхоздорду чыңдоого активдүү катышууга республиканын бардык колхозчуларын чакырган үндөө кабыл алган биринчи курултайга катышат. Өзү да бул ишке бек туруп, колхозду ичинен

иритебиз деген бай-манаптардын арамза иштеринин бетин чечкиндүүлүк, тайманбастык менен ачып,аларды кулакка, кээ бирлерин сот жообуна тарттырат. Уркуянын бул ишине кыжырданган тап душмандары өч алууну көздөшөт. Айрыкча, Абылкасымов Мадалы өзгөчө аракеттенген. «Өлтүрөбүз» деп кекенишкен тап душмандар Уркуяга үч жолу кол салышкан.

«Ымыркай эмчекти тестиер балкылдата ээмп, эне көшүлүңкү. Бул көрүнүш бейпилдикти, токчулукту айгинелегенсийт. Ошол мемиреген түндө кирип келишкен мыкаачылар өздөрү менен кошо канкорлукту ала киришип, баланын оозунан эненин эмчегин тартып кетишти. Андан сүт ордуна кан акты. Койчо мууздалган кекиртектен аккан кандын тамчылары баланын көзү көрүнгөн эшикке чачырайт. Баланын көзү аянычтуу жалжылдап, көз алдында болуп жаткан ташбоордукка таң калгансыйт». Албетте, бул саптарга сүңгүгөн ар бир адамдын көз алдына Таттыбүбү Турсунбаева жараткан Уркуянын кинодогу образы тасмада чубурат. Бирок бул эмне кан?

1934-ж. февралдын үчүнөн төртүнө караган түнү канжар жана союл менен куралданган баш кесерлер Уркуя менен Колдоштун колу-бутун таңып, союл менен аябай сабап, анан койчо мууздап өлтүрүшкөн.

«Кызыл Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарынын 1934-ж. 17-февралдагы сандарында ВКП (б) БКнын, Кыргыз АССРнин Борбордук Аткаруу Комитети менен Эл Комиссарлар Кеңешинин көңүл айтуусу жана У.Салиеванын сүрөттөрү менен некрологу жарыяланган. Тап душмандарынын кылмыштуу иштерине Фрунзедеги механикалык заводдун коллективинин наразычылыгы жана ударник-аялдардын биринчи слетунун катышуучуларынын калайык-калкка кайрылуусу берилген. Анда төмөнкүдөй жазылган:

«5-февралда Ноокат районунун борбору Караванда партиянын мүчөлөрүнүн экөө-колхоз курулушунун эки активи - тап душмандарынын колунан өлүштү.

Өлгөндөрдүн бири - Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү жолдош Салиева жана анын күйөөсү.

Биз бүгүн жан-дили менен күрөшкөн эки күрөшчүдөн ажырадык. Бирок тап душмандары бул кандуу террор менен биздин социалчыл чабуулду кымындай солкулдата алышпайт. Салиева жана Салиевдердин ордун басып, Ленин туусун дагы жогору көтөрүүчүлөр биздин биздин айыл кыштакта дале миң-миңдеп күн санап өсүүдө. Салиева, Салиевдердин күрөшүн жерде калтырбайбыз, аны аягына жеткиребиз» («Кызыл Кыргызстан», 17-февраль, 1934-ж.).

Советтик доордо мамлекет жана коомчулук тарабынан жасалган бир топ иш чаралардын натыйжасында, У.Салиеванын ишмердүүлүгүнө адилет баа берилип, анын тарыхый бейнеси, өмүр таржымалы толук ачылгандай болгон. Бирок Уркуя Салиеванын 100 жылдык маарекесине байланыштуу маалыматтарды окуп олтуруп, ал жөнүндө жазган авторлордун макалаларынын ар түрдүүлүгүнө күбө болдук. Ошондуктан У.Салиеванын тарых-таржымалы атайын изилдөөгө алынып, көп фактылар текшерилип, тактай турган жактары бар экенине ынандык.

Сөзүбүз куру болбос үчүн бир-эки мисалга токтоло кетели.

Уркуя менен Колдошту өлтүргөндөр өз жазасын алышкан. Тергөө иштери аяктагандан кийин 1934-ж. 11-13-мартта Эски-Ноокатта Кыргыз АССРинин Башкы сотунун көчмө сессиясы өтөт. Мамлекеттик айыптоочуну колдоо үчүн Фрунзеден юстиция эл комиссары И.Жоламанов келет. Көчмө сессияда Башкы соттун Кыргызстандын түштүгү боюнча мүчөсү Ф.Тайгин төрагалык кылат.

Сот үч күнгө созулган. Ал кездерде айылдарда клуб жок болгондуктан, сот

процесси эң чоң чайханада өткөн. Сотко катышкан адамадар көп болгондуктан, эл чайханага батпай, сыртка чыгып калышкан. Сотто ар тараптан келген өкүлдөр сүйлөп, Салиевдерди өлтүргөндөргө өлүм жазасын берүүнү талап кылышкан. Сегиз соттолуучунун үчөө:

1. Мадалы Абылкасымов – кулак.

2. Эшмат Арунов—1932-ж. «Кызыл Аскер» колхозунун төрагалыгынан алынган

3. Козу (кээде Казы деп берилип жүрөт) Абдразаков— «Кызыл Аскер» колхозунун жалпы жыйналышында уруктук үрөн бербегендиги үчүн колхоздон кулак катары чыгарылган— атууга өкүм кылынган.

Калган бешөө да жогорку жазаларды алышкан. Алар:

1. Арунов Баймат – Эшматтын бир тууганы.

2. Анаркулов Шарип – эгин айдоону кечиктиргени үчүн кедей болсо да колхоздон чыгарылган.

3. Анаркулов Токтосун – Шариптин бир тууганы.

4. Ташиев Бегалы – 1931-ж. 15-январынан тартып Меркит-Мүркүт (1-Май) айылдык кеңештин катчысы болуп бекитилген. Ушул эле мезгилде У.Салиева аталган сельсоветтин төрайымы болуп шайланган.

5. Абдуллаев Төрөбай – кулак.

Сегизинин бешөө У.Салиева менен бирге иштеген, кедей - дыйкандардан эле чыккан адамдар болушкан. Анан кайдагы тап душмандары? Бул - баягы эле кыргыздын көрө албастыгынын, мансапкордугунун натыйжасы.

Өкүнүчтүүсү, бул көрүнүш азыркы күндө деле уланууда, албетте, бир аз маданияттуу формада. Азыр да кимдир бирөө кызматтан адилет алынса да, эртеси оппозиционер болуп чыга келет. Бул - туруктуу позициянын, туруктуу принциптердин, туруктуу идеянын жоктугу.

Эң өкүнүчтүүсү, У.Салиеванын өлүмүнө өбөлгө жараткан дагы эки адам болгон. Алардын бири Бахтыбаев Мухаммед, партиянын Обкомунун уполномоченныйы, СНКнын иш башкаруучусу (ГПУнун маалыматы: б/п, 28 лет, из крестьян бедняков, неимуүий, имеет нач. образование, педагог), экинчиси партиянын райкомунун уполномоченныйы Үсөнов Жоро (ГПУнун маалыматы: 40 лет, б/п (исключен), малограмотный, чл. колх., из дехкан бедняков). Алар 1933-ж. сентябрда жыйналыш өткөрүп, жалган материлдардын негизинде У.Салиеваны сельсоветтин төрайымдыгынан алышып, партиядан чыгарышып, кулакка тартышып, үй мүлкүн конфискациялашкан (2 уй, 2 торпок, 1 кой, урукка жыйнаган жүгөрү). Мына ушуга канат байлаган У.Салиеванын жогорудагы каршылаштары аны биротоло тындым кылалы дешип, мыкаачылык ишке барышкан.

Ага чейин У.Салиева Ноокат РКИсине (партиянын райондук көзөмөлдөө инспекциясы) кайрылганына карабастан, анын иши текшерилген эмес. Ушул көрүнүш да анын өлүмүнө себепкер болгон. 1934-ж. 23-февралда гана (өлгөндөн 20 күн өткөндөн кийин) «… У.Салиева партиядан туура эмес чыгарылган, кайрадан партияда тикеленсин» деген чечим чыккан. Ушул эле токтомдо У.Салиеваны өлтүргөндөрдү издөө жакшы жүрбөй жаткандыгы белгиленип, РУМдун (райондук милиция башкармалыгы) начальниги Белых тергөө ишинен четтетилген жана партиялык жоопко тартылган. Ал эми Бактыбаев М. менен Үсөнов Ж. кийин 109 ст. менен сот жообуна тартылышкан.

Бирок арадан туура 30 жыл өткөндөн кийин, ушул сот ишине төрагалык кылган Ф.Тайгин негедир күмөн санаган таризде РСФСР Жогорку Сотунун төрагасы Л.Н.Смирновго кат жолдогон[1].

Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин президиуму 1934-ж. 23-февралдагы № 12 протоколу менен Салиевдердин үй-бүлөсүнө персоналдык пенсия чектеп берген.

Эми У.Салиеванын туулган жылына байланыштуу так эместиктерге кайрылалы. Көп адабияттарда, энциклопедияларда, эстеликтердеги жазууларда туулган жылы 1910-ж., кээде 1911-ж. деп берилип жүрөт. Ушул маалыматтарга таянып, У.Салиеванын 100 жылдыгы республикалык деңгээлде белгиленди.

Бирок Ош мамлекеттик университетинин окутуучусу Садык Смадияров архивдик документтердин негизинде Уркуя 1911-ж. эмес, 1907-ж. туулган деген жыйынтыка келет. Бул датанын тууралыгын ал төмөнкүдөй далилдеген:

1. 1932-ж. Уркуя Салиеваны партияга кабыл алууда түзүлгөн протоколдо латын тамгасы менен (кыргызча) мындай деп жазылган: «Уркуя Сали келини 1907-ж. туулган».

2. У.Салиева менен күйөөсү Колдош өлтүрүлгөндөн кийин, медициналык экспертиза жүргүзүлүп, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылган: «...У.Салиева 27 жашта, анын күйөөсү Колдош Салиев 34 жашта. Экөөнүн тең кекиртектери кесилген, башка жараттары жок...» Бул документке медсестра Федосья Самодурова жана ОРОнун (райондук милициянын кылмыш издөө бөлүмү) кызматкери кол коюшкан.

3. Эң кызыгы – мурдагы (ремонттолуп, жаңыланганга чейинки, ремонт иштери У.Салиеванын 100 жылдыгына карата 2011-ж. жасалган) музейдеги эски айкелдин алдында У.Салиеванын өмүр жылдары 1907-1934-жж. деп берилген. Музейдин жанындагы күмбөзүнө коюлган эстеликте да ушундай жазуу жазылган. 1910-ж. кайдан чыга калды деген суроо туулат? Көрсө, Н.Байтемиров У.Салиева колхозуна келип, келечектеги тарыхый романына материал жыйнап жүргөндө, көбүнчө Гайбалы Мамаюнусовдон (Г.Мамаюнусов У.Салиева өлгөндөн кийин анын аты берилген колхоздо 30 жылдан ашык раис болуп иштеген) маалымат алган. Ошол киши У.Салиеванын туулган жылын 1910-ж. деп айтып койгон. Демек, тарыхый чындык үчүн, келечек муунга уят болбош үчүн У.Салиеванын өмүр жылдарын 1907-1934-жж. деп жазуу туура болот[2].

Уркуя менен Колдош үч балалуу болушкан.Уулунун атын Кеңеш өкмөтүн куруу мезгилине туш келди деп, Кеңеш коюшкан. Кызы Анисаны Өзбекстандагы туугандары алып кетишет. Ата-энесин өлтүргөнүн көрүп, коркуп калса керек, кийин каза табат. Колундагы наристе болгону 21 күнгө толгон, демек, кыркы да чыга элек эле. Көп өтпөй ал чарчап калган. Кеңешти Ташкенттеги балдар үйүнө өткөрүшөт. Улуу Ата Мекендик согуш башталып, Кеңешти Украинадан Ташкентке эвакуацияланган офицердин үй-бүлөсү багып алат. Согуштан кийин украинка энеси өзү менен кошо Владивостокко ала кетет. Кеңеш өгөй энесинин кызы Лиданы сүйүп калып, баш кошушат.

1953-ж. Колдошев Кеңеш өмүрлүк жары Лидия Ивановна Кононенко менен туулган жери, апасынын ысмын алып жүргөн Салиева атындагы колхозго көчүп келишет. Лидия Ивановна айылдык маданият үйүндө иштеп, Кеңеш апасы өмүрүн арнаган колхозго мүчө болуп, трактор айдаган. Кийин трактор басып өлгөн. Уркуянын неберелери: 1. Колдошев Виктор Кеңешович 1955-ж. т., 2. Колдошев Юрий Кеңешович 1959-ж. т., 3. Колдошев Сергей Кеңешович 1961-ж. т., 4.

Колдошева Галина Кеңешовна 1966-ж. т.

Уркуяга чөбөрө: Колдошева Светлана Юрьевна 1977-ж. т., Колдошев Рустам Сергеевич 1989-ж. т.

Юра менен Витя Россияда, Галина Оренбургда үй-бүлөлөрү менен жашашат, алардын да Уркуяга чөбөрө уул-кыздары бар. Кичи уулу Сергей чоң энесинин атын алып жүргөн У.Салиева атындагы № 8 кесипчилик техникалык окуу жайын бүтүрүп, азыр ошол айылда жашайт. Жолдошу Колдошова Наталья Рановна Салиева атындагы мектепте мугалим. Уркуянын келини Лидия Ивановна балдары менен Россияда[3].

Уркуя менен Колдоштун кырчындай өмүрлөрү кыйылгандан бери көп жылдар өттү. Бирок алардын жаркын элеси күнү бүгүнкүдөй элдин эсине сакталып келет. Алар жөнүндө ырлар ырдалып, Насирдин Байтемиров тарабынан «Тарых эстелиги» романы жазылган. Уркуянын эстелигин жасаган белгилүү скульптор Тургунбай Садыков «Революциянын каармандары» монументи үчүн Лениндик сыйлыктын лауреаты болгон. Бул эстелик бүгүнкү күндө борбор шаарыбыздын борбордук көчөсүнө көрк берип, алда кайдан эле образдуу көрүнүп турат. Ош шаарында эстелиги тургузулуп, мурдагы кыздар орто мектебине (азыр так илимдер лицейи) аты ыйгарылып, музейи уюштурулган. Уркуя курман болгон күндөн тартып колхозчулар «Кызыл Аскер» колхозуна Салиеванын атын ыйгарышкан. Ошондой эле өзү туулган айылда Салиеванын ысмындагы мектеп, Бишкек, Каракол шаарларында көчөнүн аттары бар. 1972-ж. Төлөмүш Океев «Отко таазим» аттуу көркөм тасма тартып, анда Уркуянын образын Таттыбүбү Турсунбаева өтө жогорку чеберчиликте ойногон. Белгилүү кинорежиссер Төлөмүш Океевдин бул тасмасына тартылган артистердин бардыгы кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал белгилүү ысымдар: Муратбек Рыскулов, Сүймөнкул Чокморов, Болот Бейшеналиев, Сабира Күмүшалиева, Советбек Жумадылов, Асанбек Кыдырназаров, Искен Рыскулов, Таттыбүбү Турсунбаевалар жараткан бул көркөм тасма Уркуянын өлбөс-өчпөс ысымын даңазалап турат.

Фильмдин эпилогу: «...Чексиз жол. Ээн талаа. Бозоргон жылаңач адырлар. Уркуянын энеси Бүбүкан (кинодогу образын Сабира Күмүшалиева жараткан) ата-энесинен айрылган ымыркай небересин көтөрүп, уулу менен кызын ээрчитип, арзып-азып алыс жолго баратат. Жаратылыш да анын кайгысына, муңдарына ортоктош болгондой тунжурайт. Бүбүкан жашоодогу жакшылыкты, жан жыргатаар адилеттүлүктү, ак пейил адамдарды издеп, канкорлордон өч алууну көздөп баратты».

Адабияттар:

1. Байдилдеев Жумагул, Уркуя. //Рух Кенчи., - 2008. – март.
2. Смадияров С. Уркуя Салиева: өмүрү жана ишмердиги. //Рух кенчи. - 2012. - Февраль.
3. Муратова Ш. Уркуянын урпактары. //Рух кенчи , - 2011. – октябрь.